**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

---

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезексиз V сессиясынын № 1 токтому**

31-март 2025-жыл                                   Курулуш айылы

**Участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү Мыйзамынын жана 2021-жылдын 27-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын талаптарына ылайык **Эргеш** Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги **V** сессиясы **токтом кылат:**

1. Участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтү жөнүндө Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн орун басар-жооптуу катчысы Н.Алымкулованын маалыматы эске алынсын.

2. Эргеш Алиев айыл аймагындагы №2183 Аримжан, № 2184 Кагазды, № 2185 Сакалды, № 2186 Кыргызстан , № 2187 Чоң-Багыш, № 2188 Бөбүй , № 2410 Сай-Бою , №2444 Кормоцех, № 2178 Параканда, № 2179 Ноокен, № 2180 Кара-Булак, № 2181 Курулуш , № 2182 Шалка участкалык шайлоо комиссияларынын курамына жана резервине талапкерлерди сунуштоо боюнча жарандардын чогулуштарынын протоколдору бекитилсин.

3. Бул токтом Ноокен аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мыйзамдуулук жана депутаттык этика маселелери боюнча туруктуу комитеттине жүктөлсүн.

Төрага                                   М.Ажикулов

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ ОКМОТ ЭРГЕША АЛИЕВА**

---

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын**
**Кезексиз V сессиясынын № 2 токтому**

31-март 2025-жыл Курулуш айылы

## Шалка айылындагы Б.Койлубаев көчөсүнүн 630 метр жолун асфальтоо боюнча жергиликтүү бюджеттен өздүк салым ажыратуу жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын ”Бюджеттик кодексинин” жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20- октябрындагы №123 Мыйзамына ылайык Эргеш айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезексиз **V** -сессиясы **токтом кылат:**

1.Ноокен райондук өнүктүрүү фондуна даярдалган “Шалка айылындагы Б.Койлубаев көчөсүнүн 630 метрин асфалттоо” долбоору артыкчылыктуу деп табылсын.

2.Ноокен райондук өнүктүрүү фондуна даярдалган “Шалка айылындагы Б.Койлубаев көчөсүнүн 630 метрин асфалттоо” долбоорун сунуштоо үчүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинен 640 000 (алты жүз кырк миң) сом өздүк салым каралсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Эргеш Алиев айылдык кеңешинин Бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага М.Ажикулов